| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынын**

**Токтому №7/4**

2025-жылдын 11-сентябры Жаңы-Арык айылы

**“Килемче” өрөөнүнөн 3 га жер тилкесин жашылдандыруу максатында арендага берүү жөнүндө**

Айыл аймагынын экологиялык абалын жакшыртуу жана жашылдандыруу иштерин өнүктүрүү максатында,Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттарынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кызарт айылынын тургундары Ш.Суранчиевдин жана С.Жусупакуновдун кайрылуулары канаттандырылсын;

2. Айыл аймагындагы “Килемче” өрөөнүнөн 2 га жер тилкеси С.Жусупакуновго, 1 га жер тилкеси Ш.Суранчиевге жашылдандыруу максатында арендага берилсин жана аренда мөөнөтү 3 жылдык мөөнөткө белгиленсин;

3. Аренда төлөмүнүн көлөмү, жердин максаттуу пайдаланышы жана башка шарттары мыйзамга ылайык түзүлгөн аренда келишими менен аныкталсын;

4. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жерди арендага берүү боюнча бардык тиешелүү документтерди даярдоо жана каттоо, жашылдандыруу иштеринин аткарылышын көзөмөлдөө жагы тапшырылсын;

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айылдык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, муниципалдык менчик, муниципалдык ишкана менен иш алып баруу, жер, айыл чарбасы, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**